| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XIV сессиясынын № 33 токтому
**18-август 2023-жыл**

**Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин эски имаратынын курулуш материалдарын аукционго коюу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 27-берене "Жергиликтүү маанидеги маселелер", 34-берене "Айылдык аймактардын жергиликтүү кеңештеринин компетенциялары, Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директору Рахманова Айнура Тагаевнанын кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин эски имаратынын 1-корпусу жараксыз болуп бузуу алдында тургандыктан эски курулуш материалдарын сатуу үчүн аукционго коюлсун.

2. Аукционго коюлуп сатылган акча каражаты Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине кириштелсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы айыл Өкмөт башчысы У.Төлөновго тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **У.Карыпбаев**